| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

XXIX- чакырылыштын 2- (кезектүү) сессиясы

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

24-январь 2025-ж № 2/10 Чат-Кель айылы

**«Күнүмдүк (БСР) жана декадалык жөнгө салуу бассейндерин (БДР) Сокулук райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө»**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап, 2024-жылдын 23-декабрындагы Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси менен болгон кеңешменин протоколундагы тапшырманын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө" токтомун аткаруу максатында, З. Кайназарова атындагы айылдык кеңешинин 2025-жылдын 14-январындагы жер комисиссиясынын №1 протоколунун негизинде З. Кайназарова атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. З. Кайназарова атындагы айыл аймагына караштуу күнүмдүк (БСР) жана декадалык жөнгө салуу бассейндерин (БДР), көлмөлөрдү, ирригациялык арык лотокторду Сокулук райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилсин.
2. Бардык иш кагаздарын даярдап, тийиштүү иш – чараларын жүзөгө ашыруу жагы З. Кайназарова айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси Намазалиев К.С. милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Б.Ибраимов**